**БЕКИТЕМ**

ОшМУнун ректору, проф.

_________ К.Г.Кожобеков

2025-ж. «___» ___11_____

**Ош мамлекеттик университетинин Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын доценти, окт. Омаралиева Зумират Исмайыловнанын кызматтык милдеттердин нускамасын бекитүү жөнүндөгү №6491-фхд/25 03.11.2025 буйругунун негизинде түзүлгөн кызматтык милдеттери жана укуктары.**

## I. Жалпы жоболор:

1.1. Профессордук-окутуучулук курам конкурстун жыйынтыгы боюнча директордун жана кафедра башчысынын макулдугу менен ректордун буйругунун негизинде кызматка дайындалат жана бошотулат.

1.2. Профессордук-окутуучулук курам түздөн-түз институттун директоруна жана кафедра башчысына баш ийет, проректорлор жана тийиштүү структуралар менен иш алып барат.

1.3. Профессордук-окутуучулук курам белгилүү себептер менен жок болгон учурда (эмгек өргүү, оорулуу баракча, иш сапары ж.б.) директордун макулдугу менен кафедранын тажрыйбалуу мүчөсүнө кызматтык милдеттери убактылуу буйрук менен жүктөлөт.

1.4. Профессордук-окутуучулук курам өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарына, ОшМУнун Уставына, ички тартип эрежелерине жана ушул кызматтык нускамага ылайык жүргүзөт.

## II. Кызматтык милдеттери:

2.1 Доценттин ишинин негизги максаты кафедрада окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөөчүлүк, уюштуруу-башкаруу жана социалдык-тарбиялык иштерди жүргүзүү болуп саналат.

2.2 Тейлеген дисциплиналары боюнча иштин бардык түрлөрүн пландаштырууну, уюштурууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

2.3 Кафедранын ишинин илимий багыты (чектеш адистиктер) боюнча илимий-изилдөө иштерин жетектейт, анын ишин уюштурат.

2.4 Окутуу сабактарынын бардык түрлөрүн жүргүзөт, магистрлердин (адистердин) курстук жана дипломдук долбоорлорун жана илимий-изилдөө иштерин жетектейт.

2.5 Тейлеген дисциплинасы боюнча окуу сабактарынын бардык түрлөрүн сапаттуу өткөрүүнү камсыздайт.

2.6 Окуу пландарынын аткарылышын, окуу программаларынын иштелип чыгышын жана аткарылышын камсыз кылат.

2.7 Илимий-изилдөө иштерин аткарууга белгиленген тартипте Университеттин окутуучуларын, кафедранын окуу-көмөкчү персоналын, кафедрада иштеп жаткандарды жана башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн адистерин тартат.

2.8 Бүтүрүүчүлөрдүн келечектеги кесиптик ишинин ийгиликтүүлүгүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктүн негизги компоненттерин окуп жаткандарда калыптандыруу үчүн шарттарды түзөт.

2.9 Тейлеген дисциплиналары боюнча жумушчу окуу программаларын иштеп чыгат, аларды иштеп чыгууга башка окутуучуларга жетекчилик кылат.

2.10 Тандоо боюнча окуу сабактарынын ар кандай түрлөрүнө, ошондой эле кураторлук кылган дисциплиналар боюнча экзамендерге жана зачетторго катышат.

2.11 Кесиптик билим берүү маселелери боюнча кафедранын илимий-методикалык иштерине, ошондой эле адистиги боюнча методикалык комиссиянын же факультеттин Окумуштуулар кеңешинин жана педагогикалык кеңешинин курамына катышат.

2.12 Тейлеген дисциплиналарынын методикалык камсыздалышын контролдойт.

2.13 Тейлеген дисциплиналары боюнча окуу китептерин, окуу жана окуу-методикалык куралдарды, лекциялардын конспекттерин жана башка методикалык материалдарды даярдоого жетекчилик кылат, аларды иштеп чыгууга, басууга даярдоого түздөн-түз катышат.

2.14 Кафедранын окуу жана окуу-методикалык иштерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет.

2.15 Кафедранын илимий-изилдөө багыттарынын тематикасынын алкагында уюштурулган семинар, кеңешме жана конференцияларга, анын ичинде эл аралык семинарларга катышат.

2.16 Кураторлук кылган дисциплиналар боюнча студенттердин өз алдынча иштерин, илимий-изилдөө иштерин, кафедрада (факультетте, институтта) студенттик илимий коомду, кафедранын адистиктери боюнча окуучулардын кесиптик багыттоо иштерин уюштурат, пландаштырат жана жетектейт.
2.17 Кафедранын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатууга активдүү катышып, аларга педагогикалык чеберчиликке жана кесиптик көндүмдөргө ээ болуусуна зарыл методикалык жардам көрсөтөт.
2.18 Кафедрада илимий-педагогикалык кадрларды (аспиранттарды жана изденүүчүлөрдү) даярдоону жетектейт.
2.19 Илимий-техникалык, коомдук-гуманитардык, экономикалык жана укуктук билимдерди пропагандалоого катышат.
2.20 Кафедранын (факультеттин, институттун) ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелер боюнча билим берүү мекемесинин шайлоо органдарынын же түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине катышат.
2.21 Кафедранын (факультеттин, институттун) илимий изилдөө багыты боюнча автордук курстарды окуйт.
2.22 Педагогикалык этиканын ченемдерин сактайт.
2.23 Студенттердин билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес деңгээлде өздөштүрүүсүн камсыз кылат.
2.24 Окууга карата өз алдынчалыкты, чыгармачылык мамилени өнүктүрүү, жүрүм-турумдун жогорку адеп-ахлак нормаларын үйрөтөт.
2.25 Өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүү жана квалификациясын 5 жылда бир жолудан кем эмес жогорулатып турат.
2.26 Эмоционалдык, психикалык, физикалык жактан студенттерге карата зомбулук көрсөтүүгө жол бербейт.
2.27 Кафедранын алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди аткарууну камсыз кылган башка кызматтык милдеттерди аткарат.

## III.Укуктары:

3.1 Кафедранын окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
3.2 Педагогикалык ишти уюштуруунун методдорун жана формаларын эркин тандоого;
3.3 Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны практикага киргизүүгө;
3.4 Өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
3.5 Кесиптик ишмердүүлүгү үчүн тиешелүү шарттарды талап кылууга;
3.6 Аныкталган тартипте мамлекеттин же университеттин эсебинен өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга;
3.7 Китепканалардын, эсептөө борборлорунун, окуу жана илимий маалымат фонддорунун кызматтарынан, ошондой эле университеттин социалдык-тиричилик, дарылоо бөлүмдөрүнүн кызматтарынан акысыз пайдаланууга укуктуу.

## IV. Жоопкерчилиги:

4.1 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ОшМУнун Уставына жана ички эмгек тартип эрежелерине ылайык жоопкерчиликке тартылат;
4.2 Ээлеген кызматын жеке кызыкчылыктары үчүн колдонбойт;
4.3 Кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн ишенип берилген жабдууларга жана башка мүлккө материалдык жоопкерчиликти алат;
4.4 Техникалык коопсуздук эрежелерин жана өрт коопсуздугунун эрежелерин так сактайт;
4.5 Университеттин ректорунун, проректорлордун, структура жетекчилердин жана факультеттин/институттун декан, директорунун, кафедра башчысынын оозеки жана жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрүн, буйруктарын аткарат;
4.6 Илимий жана педагогикалык кызматкерлердин кызмат орундарын ээлөөнүн белгиленген тартибин сактайт;
4.7 Ички эмгек тартибин жана башка жергиликтүү ченемдик актылардын жоболорун аткарат;
4.8 Өз ишмердүүлүгүн аткарууда такталбаган маалыматтарды жайылтпайт;
4.9 Коррупциялык укук бузууларга жол бербейт.

## V. Квалификациялык талаптары:

"Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө" Жобосуна ылайык **профессор кызмат ордуна** төмөнкүдөй талаптар каралат:
5.1 Илимдин доктору даражасы же профессор илимий наамы бар тиешелүү квалификациядагы адис болушу;

5.2 15 жылдан кем эмес илимий-педагогикалык стажы болуп, анын 10дон кем эмес жогорку окуу жайларында педагогикалык иште өткөн болушу;

5.3 ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунушталган ЖОЖдор жана орто кесиптик окуу жайлары үчүн сунуш кылынган окуу китептердин (окуу-усулдук колдонмолордун) автору болуусу;

5.4 Кыргыз Республикасынын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын рецензияланган илимий басылмаларынын тизмесине кирген басылмаларда акыркы 5 жыл ичинде жарыяланган кеминде 10 илимий, окуу жана методикалык эмгектер (ОшМУнун Жарчысында – 2), анын ичинде Scopus жана Web of Science системалары боюнча индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларда 3төн кем эмес илимий макаласынын болуусу;

Тааныштым, макулмун: ________________ (Кызматкер)

**Макулдашылды:**

**Кафедра башчысы:** ________________

**МФТИТ институтунун директору:** ________________

**Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:** ________________

**Укук иштер бөлүмүнүн башчысы:** ________________